КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТИРЛИГИ

НАРЫН РАЙОНДУК
БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ

ЖАКЫП ӨМҮРАЛИЕВ
атындагы орто
МЕКТЕБИ
*Нарын облусу, Нарын району,*
*Өрнөк айылы, Бакытай ата№14 индекс722914*
*ИНН 01702201010331 Тел. (03522) 60368*
E.mail: Jakyp.omuraliev@gmail.com

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И
НАУКИ КИРГИЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

НАРЫНСКИЙ РАЙОННЫЙ ОТДЕЛ
ОБРАЗОВАНИЕ

СРЕДНЯЯ ШКОЛА
имени
ЖАКЫПА ОМУРАЛИЕВА
*Нарынская область, Нарынский район,*
*село Орнок,ул.Бакытай ата№14 индекс722914*
*ИНН 01702201010331 Тел. (03522) 60368*
E.mail: Jakyp.omuraliev@gmail.com

**№ 8** *"26" "декабрь" 202 2–жыл*

Нарын районунун Мин-Булак айыл
өкмөтүнүн башчысы К. А. Кудайбереновго,
Миң-Булак айылынын башкы
бухгалтери Жумабек уулуу Жанболотко
Миң-Булак айылдык Кенешинин
төрагасы А. Жамангуловго
Жакып Өмүралиев атындагы орто
мектебинин жалпы жамаатынын атынан

## Кайрылуу

1. Жакып Өмүралиев атындагы орто мектебинин "негизги"корпусунун терезелеринин жана сырткы эшиктеринин эскилиги жеткендиктен алмаштырууга
2. Аты аталган мектептин класстык бөлмөлөрүнө 45 (кырк беш) даана **" сызыктуу жарык берүүчү жарыктандыргычтар"** жана мектептин алдына күн менен жарыктандыруучу 4 даана прожектор, " 8 (даана) **трубада орнотулган шар формасындагы көчө чырагын" орнотууга**

| № | Аталышы | Саны | Бийиктиги | Туурасы | Жалпы суммасы | Кайсыл жерде чыгарылган |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Терезелер (4 камералуу) | 27 даана | 1,50 | 1,50 | 464,68сом | Турция |
| 2 | Сырткы темир эшиктер | 3 даана | 2 | 1,20 | | |
| 3 | Сызыктуу жарык берүүчү жарыктандыргыч (класстык бөлмөгө) | 45даана | | | 10000сом | |
| 4 | Кун менен жарыктандыруучу прожектор | 4даана | | | 6000сом | |
| 5 | Трубада орнотулган шар формасындагы көчө чырагы | 8даана | | | 4000сом | |
| 6 | Электр проводдору(2*2) | 100 м | | | 4500сом | |
| | Жыйынтыгы: | | | | 489,18сом | |

**Жогорудагы сумманы мектептин материалдык базасын чыңдоо үчүн жана балдардын келечеги үчүн бөлүп берет деп ишенебиз!**

**Сиздерди терең урматтоо менен Жакып Өмүралиев атындагы орто мектебинин жамааты суранат.**

**Директор:** **А. К. Нааматова**

НАРЫН РАЙОНДУК
БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ

ЖАКЫП ӨМҮРАЛИЕВ
атындагы орто
МЕКТЕБИ
*Нарын облусу, Нарын району,*
*Өрнөк айылы*
*Тел. (03522) 60368*

НАРЫНСКИЙ РАЙОННЫЙ ОТДЕЛ
ОБРАЗОВАНИЕ

СРЕДНЯЯ ШКОЛА
имени
ЖАКЫПА ОМУРАЛИЕВА
*Нарынская область, Нарынский район,*
*село Орнюк*
*Тел. (03522) 60368*

«18_» «ноябрь» 2022-жыл **№ 11**

**«Нарын транс» коомдук бирикмесине**
**Нарын районуна караштуу**
**Өрнөк айылындагы Жакып Өмүралиев**
**атындагы орто мектебинин эмгек**
**жамаатынын атынан**

**Кайрылуу**

**Биздин сиздерге кайрылуу жазганыбыздын себеби, мектепте окуучуларга көрсөтмөлүү сабак өтүү үчүн проектор үчүн доска, жана проекторду потолокко илүүчү кронштейни менен, класстарды жарыктандыруучу лампалар (люминесцентная лампа) жетишсиз болуп окуучуларыбызга ыңгайсыздыкты жаратып жаткандыктан класстарды жарыктандыруучу лампа каражаттарын алып берүүгө көмөк корсотүүнүздөрдү өтүнөбүз.**

**Товардын аты**
1 **Экран для проектор I-Viev TR200AV200*200 Matte White 1шт 5500сом**
2 **Кронштейн 1шт(проекторду потолокко илүүчү) 3500 сом**
2 **Люминесцентная лампа (плафондуку) 4 штук 1000сом**

Байланыш номерлер: 0708007815

**Сиздерди терен урматтоо менен ыраазычылык билдиребиз**

**Директор :** **А. Нааматова**

Кыргыз Республикасынын

Билим берүү жана илим министри

Бейшеналиев Алмазбек Бейшеналиевичке

# Кайрылуу

Урматтуу Алмазбек Бейшеналиевич!

Нарын районундагы Миң-Булак айыл аймагына караштуу Өрнөк айылындагы Жакып Өмүралиев атындагы орто мектеби райондун борбору Нарын шаарынан 30 чакырым алыстыкта жайгашкан. Өрнөк айылы деңиз деңгээлинен 2500метр бийиктикте туруп, учурда 500 адам жашап, жылдан -жылга окуучулардын саны өсүүдө. Миң-Булак айыл өкмөтү дотацияда турган айыл өкмөттөрдүн катарына кирет. Мектеп айыл өкмөтүнүн борбору Куйбышев айылынан 7 чакырым алыс аралыкта жайгашкан. Мектепте жалпысы 130 окуучу билим алып, 21 мугалим эмгектенет. «Келечек жаштардын колунда» демекчи, мектепке окуучу болуп келгенден тартып, жакшы билим берип, келечекке жана бир кесиптин ээси болушуна кадам таштаган бул,- мектеп.
Азыркы учурда техника өнүгүп заманыбыз өзгөргөн мезгилде башкача айтканда санариптештирүүдө мектебибизге заманбап технологияларды киргизип, окуучуларды компьютерде, интерактивдүү доскаларда, интернет сабактарды өтүү милдети келип чыгат. Бирок окуучулардын интернет аркылуу материалдарды пайдалануу менен компьютерде сабак окуй алышына мектептеги жетишсиз компьютерлердин эскилиги жетип, мүмкүнчүлүгү жетпей келет. Алыскы бийик тоолуу климаты катаал шартта окуп, билим алып жаткан окуучуларга учурдун талабына ылайык компьютерлер менен компьютердик классыбыздын камсыз болуусуна жардам берүүңүздү көптөн-көп суранабыз.

Сизди терең урматтоо менен Жакып Өмүралиев атындагы орто мектебинин эмгек жамаатынын атынан

Мектеп директору: А. Нааматова

# Темасы: Аталардын иши балдарга үлгү.

***Долбоордун негизги максаты*: Билим берүү мекемесинин конкреттүү керектөөлөрүн эске алуу менен иштелип чыккан аталар менен бирдикте баланы тарбиялоодо билим берүү, эмгекти айкалыштырган чакан бюджеттүү устакана ачуу жана ишке киргизүү**

## Милдеттери:

- ***Бала тарбиялоодогу атанын жоопкерчилигин күчөтүү;***
- ***Мектеп менен тыгыз байланыша болуусу;***
- ***Ишкер , фермер аталардын иш-тажрыйбасын бөлүшүү;***
- ***Ата МЕНен бирдикте аткарылган иштерди соц.тармактарга, сайттарга жарыялоо, алдыңкы мыкты иштерин жайылтуу***

*«Ата аска тоо, эне боорундагы булак , бала ортосунда күйгөн шам чырак»-деп эзелтен элибизде айткандай, үй бүлөө,бала үчүн дегеле коомчулук үчүн атанын орду ат көтөргүс. Бирок эмнегедир кийинки учурларда көпчүлүк аталарыбыз ушундай жоопкерчиликти өздөрүнөн алып койгондой сезимдер туюлат. Ошондуктан баланы тарбиялоодо аталарыбыздын жоопкерчилигин күчөтүү , мектеп менен тыгыз байланышта болуусун кучөтүү максатында  эмгекке тарбиялоону жерде калтырбай «тор түйгөн станок» иштетүүдө ата менен баланы биргеликте иш алып барууда өз муктаждыктарын чече алышат.*

*Ошондой эле технология сабагына керектүү учур талабына ылайык жабдыктар: (инструменттердин тобу) балта, балка, темир кайчы, набор отвертка ж.б керек. Даяр болгон зым торлорун айыл элине сатуу аркылуу чакан бюджет түзөбүз жана элди да керектүү нерсе менен да камсыз кыла алабыз.*

*Ошону менен бирге айлана-чөйрөнү көрктөндүрүү, жаратылышка аяр мамиле жасоо, окуучуларга ысык тамакка керектелүүчү азыктарды(картошка , сабиз, пияз, помидор, бадыраң ж.б.) даярдоо максатында суугаруу көйгөйдү жаратууда суу маселесин чечүүдө суу насасу, отоо чөптөрүн жок кылуу максатында «уу чачкыч» абдан бизге зарыл болууда. Балдардын жайкы эс алуусун эмгек менен айкалыштыруу аркылуу  балдарды  ата менен биргеликте эмгекке тартуу маселеси да чечилет б.а. жер-жемиштерди отургузуу, сугаруу, түптөө, отоо иштерин балдар ата-энелердин жардамында, көзөмөлүндө аткара алат. Жогорудагы иштерди ишке ашыруу менен балдарыбыздын витаминдүү тамактануусуна жана тамак үчүн ата — энелерден чогултулган акча каражаттарын кыскартуу б.а жардам кыла алабыз*

*Жогорудагы Ата МЕНен  алдыңкы мыкты аткарылган иштерди ж.о.э.   Өрнөк айылында эн мыкты,  машинаны чачып кураган, мал чарбасын мыкты тукумдарын өздөштүргөн мисалы «арашан породасындагы  койлорду», кыргыз  жылкыларды, сүхт, эт багытындагы уйларды баккан,  алдынкы ордо ойногон,  «Салбуурун» менен алектенген аталарыбыз бар. Окуучулар менен бирдикте  аталардын эмгектеринен видеороликтерди жасап, интервью алып алардын алдынкы иштерин соц.тармактарда жарыялап коомчулук менен бөлүшүп,  жана ар бир өнөрлөрүн сабакта пайдалана алабыз. Сабактардын бир фрагментине мисалы, физика*

сабагынан машинанын тетиктерин чачып көрсөтүү,биология география сабагы мал чарбачылыгы боюнча, геометрия сабагынан ордо оюну боюнча ж.б. ушунда алдынкы иштерди биргеликте жайылтытуу үчүн сапаттуу тартып сайтка, соц.тармактарга атайын кабарчыларыбыз мезгил-мезгили менен жарыялап тура Ал үчүн сапаттуу тартууга камера, маалыматты иштеп чыгууга компьютер, сүрөттөрдү чыгарууга принтер, кошумча музыкальный аппаратура микрофону менен бирге.

Бизге керектелүүчү нерселерибиз чечилип берилсе жогорудагы иштер сөзсүз аткарылат жана жасалат, жыйынтыгы да жемиштүү болооруна ишендире алам.

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Тор түйүүчү станок | 25000 сом |
| 2 | Инструменттер топтому(балта, балка, отверткалар , темир кайчы ж.б.) | 15000 сом |
| 3 | Суу насосу шланги менен | 25000 сом |
| 4 | Уу чачкыч | 2000 сом |
| 5 | Музыкальный аппаратура, камера, микрофон, ноутбук, түстүү принтери менен | 20000 сом<br>10000 сом<br>20000 сом<br>20000 сом |

**Жазган: Нааматова А**

ЖАКЫП ӨМҮРАЛИЕВ
атындагы орто
МЕКТЕБИ
*Нарын облусу, Нарын району,*
*Өрнөк айылы*
*Тел. (03522) 60368*

СРЕДНЯЯ ШКОЛА
имени
ЖАКЫПА ОМУРАЛИЕВА
*Нарынская область, Нарынский район,*
*село Орнок*
*Тел. (03522) 60368*

Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин
депутаты Акматов Алмазбек Жумабековичке
Нарын облусунун Нарын районуна караштуу
Өрнөк айылындагы Жакып Өмүралиев атындагы
орто мектебинин мугалимдер жамаатынын атынан

**Кайрылуу**

Биздин Сизге кайрылуубуздун себеби: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30-август 2007-жыл №384 Токтомуна ылайык Республикасынын бийик тоодо жайгашкан элдүү пункттарында жашаган кызматчыларга кошумча төлөөлөр жөнүндө токтомунда Нарын районуна караштуу Өрнөк айылына 2007-жылдын август айынан баштап 1,4 коэффициент киргизилип калган.

Жакып Өмүралиев атындагы мектебинин жамаатынын эмгек акысы орто мектеп болгонго чейин да 1,4 коэффициент менен эмгек акы төлөнүп келе жатат.
Нарында жаратылыш шарты өтө катаал экени маалым. Аралыгы анча алыс эмес 7-10км аралыкта жайгашкан Эмгекчил, Миң-Булак, Он-Арча айылдарында төлөм 1.5 коэффициент менен төлөнүп жатат. Айылдарындын жашоо шарты, аба ырайы бирдей. Жааган кар, жаан-чачын да бирдей жаайт.

Бирок Өрнөк айылындагы Жакып Өмүралиев атындагы орто мектебинин мугалимдеринин алган эмгек акыбыздын туура эмес 10% кем төлөнүп берилиши Кыргыз Республикасынын жараны катары укугубуздун тебеленип, эмгек акыбыздын төлөнүшү, бизге наразычылык жаратып, тынчыбызды алып келет.

2007-жылдын сентябрынан бери эсептегенде канча айлык эмгегибиз кемип ушул күнгө чейин чечилбей келет.

Жогорку органдарга көп ирет кайрылдык, бирок райондук коэффициент бийик тоо шартында 2007-жылдын №384 Токтомуна ылайык төлөнүп жатат деген гана жооп айтылууда.

2020-жыл менен биздин чечилбей жаткан көйгөйдү райондук коэффициентти 1,5% көтөрүлөт жана калыс чечилип, тиешелүү органдардан комиссия түзүп, кайра чененү жүргүзөт деген ишеничти Сизден өтүнөбүз.

Нарындын катаал шартында иштеген адистердин эмгегин бирдей баалашса деген пикирибизди белдиребиз.

Биз Сизди элдин мекенчил атуулу катары билебиз. Эл үчүн ак кызматыңызды аткарып келесиз. Биздин кайрылуубузду оң жагына чечет деген терең ишеничтебиз.

Сизди терең урматтоо менен мугалимдер жамааты.

1. Сулайманова К
2. КасаеваЖ
3. Түлөбердиева Ж
4. Нааматова А
5. Дүйшөкеева И
6. Кармышбекова А
7. Акылбекова А
8. Дегенбаев С
9. Качкын кызы А
10. Кененбаева Б
11. Бапанова К
12. Эсеналиева Ч
13. Жамангулов А
14. Самбарбекова Б
15. Нурмуканбетов А
16. Жылтырова К
17. Байсакова А
18. Муратжанова А
19. Бейшенакунов Э
20. Нурдинов Н
21. Мусуралиев Ш
22. Кадырова Ж
23. Баялиев У
24. Арзыбеков З
25. Жолдошбек уулу У
26. Жоробекова Ф
27. Камчыбекова Н
28. Шаршеев А

Нарын районун Мин- Булак айыл өкмөтүнүн башчысы
К.А.Кудайбергеновго
айылдык кенештин төрагасы
А.Ж.Жамангулого
башкы эсепчи Жумабек уулу
Жанболотко
Өрнөк айылындагы Ж.Өмүралиев атындагы орто мектебинин директору
К.Сулаймановадан

Кайрылуу

Сиздерге кайрылуумдун себеби : Айыл өкмөтүнүн бюджетинен 2021- жылыга карата Ж.Өмүралиев атындагы орто мектебинин 1- имаратынын алдын цементөө , брусчаткалооого 250 мин сом акча каражаты каралган. 2021- жылдын сентябрь айында сметасы түзүлүп , эсептелип жалпы керектелүүчү акча каражаты 360 мин сомду түзгөнү Сиздерге маалымдалып, 2022 — жылдын жаз алды менен акча маселесин чечүү, тендерге жарыялоо пландалган.
Кошумча быйылкы бюджеттен 120 мин сом акча каражатын кошумчалап берүүнүздөрдү сурайм. ( смета боюнча керектелүүчү акча 350 мин сом.)

Мектеп директору : К.СУлайманова .

н районундагы Өрнөк айылындагы Жакып Өмүралиев атындагы

мектебине Мин-Булак айыл өкмөтү тарабынан ремонт иштерине
2021- жылга бөлүнгөн акча каражаты жөнүндө маалыматы.

| | Аткарылган иштер | Убактысы | Бөлүнгөн акча каражаты |
|---|---|---|---|
| | Мектептин 1-имаратындагы ашкананы капиталдык ремонт.суу киргизүү. | 2019-2020-ж.ж | 174 мин сом.<br>Кошумча 40 мин сом.<br>Жалпы: 214 мин сом. |
| | Өрт өчүрүүчү каражат (огнетушитель) | 2021-жыл.ноябрь. | 2 даана 3400 сом. |

Мектеп директору : [signature] К.Сулайманова .